5.3.3 Кыргыз Республикасынын Президентинин Кыргыз Республикасында үй – бүлөлүк салтанаттарды жана маркумду эскерүү үрп-адаттарын тартипке келтирүү жөнүндөгү Жарлыгын аткарбаган мамлекеттик жана муниципалдык кызматчыларга Жети-Өгүз райондук мамлекеттик администрациясынын алдында түзүлгөн комиссияга сунуштама берет;

5.3.4. Айыл өкмөтү Кыргыз Республикасынын Президентинин Кыргыз Республикасында үй – бүлөлүк салтанаттарды жана маркумду эскерүү үрп-адаттарын тартипке келтирүү Жарлыгын аткарбай, каяша айтып, тескери үгүт жүргүзгөн жарандарды Жети-Өгүз райондук мамлекеттик администрациясынын алдында түзүлгөн комиссияга чара көрүү боюнча сунуш кылат;

**5.4 . Комиссиянын ишин камсыз кылуу**

5.4.1 Комиссия төмөндөгүлөргө укуктуу:

5.4.2 Комиссиянын иши анын кеңешмесине бардык мүчөлөрүнүн үчтөн экиси катышкан учурда ыйгарымдуу деп эсептелет;

5.4.3. Комиссиянын чечими кеңешмеге катышкан комиссиянын мүчөлөрүнүн көпчүлүгүнүн добушу менен кабыл алынат;

5.4.4. Жети-Өгүз райондук мамлекеттик администрациясынын алдындагы түзүлгөн комиссяга карап жаткан маселелер боюнча материалдарды жана документтерди аймактык комиссия тарабынан жеткирилүүгө тийиш;

5.4.5. Өзүнүн жыйналышына мамлекеттик жана мамлекеттик эмес органдардын, эмгек жамааттарынын жана жалпыга маалымдоо каражаттарынын өкүлдөрүн, каралып жаткан маселеге тиешеси бар өкүлдөрдү чакырта алат.

***5.5.Комиссияга жетекчилик кылуу жана ишин уюштуруу***

5.5.1 Комиссияга анын төрагасы жетекчилик кылат.

5.5.2 Комиссиянын жыйналышы зарылчылыгына караша өткөрүлөт. Жыйналышты комиссиянын төрагасы алып барат, ал жокто комиссиянын төрагасынын орун басары алып барганга укуктуу.

5.5.3 Комиссиянын жыйынында протокол жазылат жана кабыл алынган протоколдук чечим комиссиянын төрагасы жана анын катчысынын колу менен бекитилет;

5.5.5. Кыргыз Республикасынын Президентинин Кыргыз Республикасында үй – бүлөлүк салтанаттарды жана маркумду эскерүү үрп-адаттарын тартипке келтирүү Жарлыгы боюнча колдонулган тартиптик чара айыл өкмөтүнүн колу менен күбөлөндүрүлүп, каттоо № , кол коюлуп, буйрук менен бекитилет.

5.5.6 Комиссиянын жыйналышы үчүн материалдарды даярдоо жана кабыл алынган чечимдер боюнча ишти комиссиянын катчысы жүзөгө ашырат.

***6. Жобонун талаптарын бузгандыгы үчүн жоопкерчилик***

6.1 Айыл аймагында үй-бүлөлүк салтанаттарды жана маркумду эскерүү ырым-жырымдарын өткөрүү боюнча Жобонун талабын бузгандыгы үчүн Кыргыз Республикасынын укук бузуулар жөнүндө кодексинде, жергиликтүү жамаатын уставында жана айылдын ички мыйзамдарында жана эрежелеринде каралган тартипте (элдик курултай, айылдык жыйындар, жергиликтүү кеңеш тарабынан кабыл алынган) айып жазаларынын өлчөмдөрү, салынган айыптарды төлөө мөөнөтү жана тартиби каралат.